**КР УИАнын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институнун аспиранты Сагындык кызы Жанардын 10.01.09-фольклористика, 10.01.01-кыргыз адабияты адистиги боюнча жазган «Алымкул Үсөнбаевдин чыгармачылыгындагы салттуулук жана өздүк чеберчилик маселелери» аттуу диссертациялык изилдөөсүнө илимий жетекчинин**

# ПИКИРИ

Диссертациялык иш турган жеринде ырды жамгырдай сабалаткан төкмө, элдик жомокторду жаңыча формада, өздүк иштелмелери менен жарата алган жаңычыл жомокчу, бир катар элдик эпосторду айтып, өздүк вариантын иштеп чыккан айтуучу, эл алдында шаңкылдаган үнү менен элдик ырларды ырдаган аткаруучу, күүчү, өзүнөн кийинки өнөрлүүлөргө ырчылыктын сырларын үйрөткөн устат акын Алымкул Үсөнбаевдин чыгармачылыгындагы салттуулуктун сакталышы жана өздүк чеберчилик маселелерди талдоого алууну максат кылган. Негизинен кыргыз көркөм сөз өнөрүндө төкмөлүк өнөрдү аздек тутуп, элдик салттуулуктарды улантууда эл акындарынын орду өзгөчө. Бирок, жалпы жонунунан аталган маселеге акындардын салымы бар деп сомосунан айтып койбостон, ар бир чыгармачыл инсандын жекелик өзгөчөлүгүн ачып көрсөтүү менен, алардын чыгармачылыгына баа берүү кийинки урпактардын милдети. Демек, диссертациялык иш актуалдуу маселелердин бирине арналган дешке болот. Мына ушул маселени иштөөдө аспирант Алымкул Үсөнбаевдин чыгармаларын жалпы акындар чыгармачылыгынын контекстинде талдоого алып, өнөрдө калыптанган салттуулуктардын уланмалуулугун, башка акындардан айырмаланган жекечелик өзгөчөлүктөрүн ачып берүүнү, өздүк варианттарын илимий анализге алуу жана жөө жомокторду трансформациялоодогу ийгиликтерин көрсөтүүнү, акындын чыгармаларындагы доордун көркөм сүрөттөлүшүн белгилөөнү, чыгармаларынын идеялык багытын, тематикалык, жанрдык өзгөчөлүктөрүн, айтыш өнөрүндөгү бөтөнчөлүктөрүн ачууну милдети катары караган.

Иш УАК кандидаттык иштерди коргоо тууралуу жобосуна ылайык 3 бөлүмдөн турат. Биринчи бөлүм “Алымкул Үсөнбаевдин чыгармачылыгынын салттуу негиздери, жаңычылдык белгилери” деп аталып, А.Үсөнбаевдин чыгармачылык жолунун изилдениш тарыхы, методологиялык негиздери, акындар чыгармачылыгындагы салттуулук, өздүк чеберчилик маселелерин теориялык маселелери, изилдөөнүн объектиси, предмети, изилдөө методдору, талданат.

Ал эми иштин экинчи   бөлүмү “Фольклордук жанрлардын Алымкул Үсөнбаевдин чыгырмачылыгында иштелиши” деп аталат. Анда элдик оозеки чыгармачылыктагы жомок, уламыштардын А.Үсөнбаевдин чыгармачылыгында кайрадан иштелиши башкача айтканда, «Жолборс минген киши», “Эшектен жолборс”, “Көзөлшаа”, “Байкобул абышка” ж.б. жомокторду талдоого алып, ал жомоктордун элдик вариантта берилиши, акында иштелиш өзгөчөлүгү тарнсформациялык белгилери талдоого алынып, акындык жомокторду кайрадан иштөөдөгү өзгөчөлүктөрү ачыкталат. Ал эми акындын вариантындагы «Кожожаш», «Олжобай менен Кишимжан», «Саранжи-Бөкөй», “Кедейкан” эпосторунун сюжеттик өзгөчөлүктөрү  башка варианттар менен салыштырма планда талданып, таблицалык көрсөткүчтөрү берилет.   “А.Үсөнбаевдин чыгармаларынын көркөмдүк өзгөчөлүктөрү” деп аталган үчүнчү бапта акындын чыгармаларынын Акындын чыгармаларынын жанрдык, тематикалык көп түрдүүлүгү, акындын чыгармачылыгындагы доордун сүрөттөлүшү же жаңы замандын жарчысы катары жаралган ырлар, акындын чыгармаларынын поэтикалык мүнөзү талданат. Алымкул Үсөнбаев элдик оозеки чыгармачылыктын бай казынасын сактап, жайылтып жана кайрадан иштеп чыгуу менен бирге заманга жараша ырларды чыгарып, бай мурас калтырган  акын, айтуучу, аткаруучу экени ырасталат. Корутунду аргументтүү  жана кенен жазылган. Жалпысынан Жанар Сагындык кызынын диссертациялык иши бүткөн иш катары  эсептелүүгө татыктуу. Алымкул Үсөнбаевдин чыгармачылык индивидуалдуулугу, көркөмдүк чеберчилиги, элдик жанрларды иштеп чыгуудагы, вариант жаратуудагы өзгөчөлүктөрү фактылар, талдоолор менен илимий деңгээлде ырасталып, анын чыгармачылыктагы орду аныкталган. Иштин илимий-теориялык деңгээли- УАКтын кандидаттык  диссертацияга койгон талаптарына жооп берет. Ишти коргоого сунуш кылууга болот.

**Илимий жетекчи,**

**ф.и.д., доцент** **М.К.Көлбаева**